# ҮЛГҮЛҮҮ ИНСАН АЗ. МУХАММЕД

Доктор Адем Йеринде*

Урматтуу меймандар! Адамзат үчүн үлгүлүү инсан Аз. Мухаммеддин туулган күнүнө байланыштуу майрамдалып жаткан Туркия Диянет Фонду жана ОшМУнун теология факультети тарабынан биргелешип уюштурулган Куттуу Жумалыкка арналган чогулушка кош келиңиздер демекчимин.

Ушул мүмкүнчүлүктөн пайдаланып мен сиздерге кыскача Аз. Мухаммеддин үлгүлүү адам болушунун динамикасынан сөз кылгым келет.

Улуу Кудай Адам (а.с.)ды жана анын жубайын, туура эмес иш жасагандыгы үчүн бейиштен чыгарып, жер жүзүнө жиберип жатканда аларга жана алар аркылуу бүтүн адамзатка мындай деп кайрылган: “Бардыгыңыздар бейиштен түшүңүздөр! Мен тараптан сиздерге бир жол көрсөтүүчү келгенде, менин чындык жолуна баштаган жол башчыма баш ийгендер үчүн корко турган жана капа боло тургандай эч нерсе жок”[1]. Кудай Таала бул аятта хидаят(чындык жолу) булактарын жана хидаят элчилерин, адамзаттын жер-жүзүндөгү авантюрасынын башталышынан бери белгилүү замандарда инсаниятка Адам, Нух, Худ, Салих, Ибрахим, Исмаил, Исхак, Якуб, Иса, Муса сыяктуу элчилерин жибергендигин жана Аз. Мухаммед(с.а.в.) менен токтоткондугун баса белгилей кеткен. Жогорудагы элчилерге Зебур, Теврат, Инжил ж.б. хидаят булактары түшүрүлүп, Куран менен жыйынтыкталган. Ошондуктан Куран Керим Кудайдын инсандарга жиберген акыркы хидаят китеби. Аз Мухаммед да бул китеп жиберилген акыркы хидаят элчиси болгон.

Куран-жер-жүзүнүн бири-бири менен чатышкан, бири-бирине жат пикирлер, идеология, ишеним, урп-адаттар, каада-салттар жана сиволдордон түзүлгөн ар түрдүү бытырандылыктын ичинде жашаган инсандыкка, жарыкка чыккан жолду көрсөткөн жарык жана нур, адамзатка өзүнүн бар экендигин үйрөткөн жаратуучусу, түпкү теги бир адамдарга жана айланасындагы жаныбарларга болгон байланыштарын системалаштырган, аны жөнгө салган негизги принциптерди ортого койгон даанышман. Кысқасы, Куран мааниси жагынан “бүтүн инсан үчүн”[2], “жеке адамдарга да, таква ээлери үчүн да хидаят булагы”[3].

---

* ОшМУ, теология факультети

[1] эл-Бакара, 2/38.

[2] эл-Бакара, 2/185.

[3] эл-Бакара, 2/2.

Аз. Мухаммед - Хидаят булагын инсандарга жеткирүү менен милдеттендирилген акыркы пайгамбар. Ал ошол эле учурда муну эң алгач колдонгон инсандык бир модел. (Мындай өзгөчөлүгү менен Аз. Мухаммед негизинен Куран тефсирчиси жана жашаган бир Ислам эле). Бул чындыкты кыраакылыгы жана акылмандуулугу менен билген Аз. Айша пайгамбардын адептүүлүгүн сураган адамдарга токтолбой туруп "Сен эч Куран окубайсынбы? Анын адеби Куран эле"[4]-деп жооп берген. Аз. Айшанын мындай кыска жоопторунун чыгышынын себеби төмөнкүлөр: Пайгамбар сүйлөгөн сөзү, жасаган мамилелери жана жүруш-турушу, кыскасы жашоосунун бардык жактары менен өзгөчөлөнүп турган. Жалгыз болгондо жана башкалар менен бирге болгон замандарда, сапарда жана жөнөкөй эле жашоосунда, уйкуда жана ойгоо учурларда, жеке жана жалпы жашоосунда, согуш жана тынчтык мезгилдерде, кубанычтуу жана капалуу убактарда, Кудай менен, инсандар менен, дос жана душмандары менен болгон байланыштарында ар дайым Ыйык Курандын баяндоочусу жана жандуу көрүнүшү( мисалы) болгон. Ошондуктан Кудай Таала Аз. Пайгамбарды жогорку даражадагы, эң сонун үлгүдөгү адам катары таап бүткүл адамзатты ага итаат кылууга чакырган[5]. Ошондуктан адамдык улуу даражадагы тепкичке чыгуу үчүн адамзатты карангылыктан хидаяттын жолуна алып чыккан нурдун ташуучусу жана диндин негизги принциптерин колдонгон Аз. Мухаммедди таануу Кудай менен, адамдар менен, ошондой эле материалдык чөйрө менен болгон байланыштарыбызда аны үлгү кылып алуу инсандар үчүн диний зарылчылдык. Куранда бир канча аятта Аз. Пайгамбардын жогору даражалуулугу жана улуу адеп-ахлагы белгиленген. Ошондуктан пайгамбардын адамдык касиетин билдирген Мекке жана Медине доорунда түшкөн аяттар маалымдагандай пайгамбар боло электен мурунку жашоосунан эч кандай айырымачылыгы болбогон. Бирок бул тууралуу айтылган аяттардын көбүндө ислам дини келген учурдагы Аз. Пайгамбардын элчи болушунан кийинки жашоосу, жүргүзгөн иш аракеттери жана түрдүү байланыштары тууралуу баяндалган.

Курандын алгач түшө баштаган жылдарында "Албетте сен улуу адеп ахлактуусун"[6] аяты менен пайгамбардын жогорку адептүүлүккө жана адамдык улуу касиетке ээ болгондугу көрсөтүлгөн. Бул аяттарда анын адебинин улуулугу улуу кудай тарабынан берилгендиги жана башкаларга жарашпаган ар түрдүү мактоолор айтылган.

Аяттарда баса белгиленген "улуу адеп" түшүнүгү, индивид катары коомдук жана социалдык адеп ахлактуулукту да ичине алган кеңири түшүнүк. Аз. Пайгамбардын жекече жашоосун адамдар жана коом менен болгон байланыштары да башкаларына өрнөк боло турган касиетте эле. Хира тоосунда алгачкы аян келгенден кийин Аз. Пайгамбар Аз Хатичанын жанына келген учурда, жубайынын сооротуу үчүн сүйлөгөн төмөнкү сөздөрү анын улуу адептүү инсан болгондугун өтө сонун түшүндүрүүдө: "Кудайга ант беремин, ал сени эч качан уят калтырбайт, бирок сен урук туугандарына жардам кылгын, укуксуз калгандарга көз салып, кедей кембагалдарга жөлөк болуп, кыйын кезендерде

---

4 Müslim, «Müsafirin», 139; Ebu Davud, «Salat», 316; Nesai, «Kiyamu'l-Leyl» 2; Ibn Hanbel, Musned, VI, 544.

5 Al-i Imran, 3/3; en Nisa, 4/80; et-Tevbe, 18/128; el-Hac, 22/67; el-Muminun, 23/73; el-Ahzab, 33/45-46; es-Sura, 45/52; el-Kalem 68/4

6 эл-Калем 68/4

милдетин аткарасын"[7]. Айрыкча ар түрдүү диний жана этикалык кагылышуулар өкүм сүргөн, түрдүү саясий жана коомдук класстар, урмат сыйга ээ болгон индивиттердин башкарган заманында бир системага туура келбеген социалдык түзүлүштөрдүн караңгылык доорунда Мекке калкы Аз. Пайгамбардык инсандар арасында ишенич пайда кылган жалгыз киши катары "Мухаммед эл-Эмин" лакабы менен тааныган. Бул анын адебинин улуулугунун далили. Бирок Меке шаарынын калкы Аз. Пайгамбар менен бирге жашаган учурларда бир жолу да анын туруксуздугуна, жалганчылыгына жана туура эмес иш жасагандыгына күбө болушкан эмес. Мусулман болбогон адамдардын да эң кымбат буюмдарын ага амаанат калтырууларды буга күбө. Аны абдан жек коргон душмандары да анын бул өзгөчөлүгүн тана алышпаган. Бирок Меккеликтерге Сафа дөбөсүндө аларга пайгамбарлыгын жарыялап, исламга чакырган учурда алар «ушул мезгилге дейре сенин жалган сүйлөгөндүгүңдү көрбөдүк"- дешкен. Шам шаарына зыярат кылган учурда да мусулман болбогон Эбу Суфяндын, Византия каролу Геракл тарабынан Аз. Пайгамбар тууралуу "деги жалган сүйлөйбү"? деген суроосуна эч такалбастан "жок"[8] деген жоопту берүүсү анын өмүр боюнча канчалык дурус жана ак жашаганынын айкын бир далили. Душмандарынын арасында ал тууралуу: «бакшы, жинди, акын, сыйкырчы» дегендер да аны эч качан «ишеничсиз адам»- дешкен эмес. Бул учурда улуу кудай да: "Алардын айткан сөздөрү чындыгында сени ойго салгандыгын билебиз. Чындыгында алар сени жалганчы деген жок, бирок ал ырайымсыздар кудайдын айкын аяттарын четке кагышууда"[9] деген аят менен белгилеген. Аз. Пайгамбарды улуу элчиликке жеткирген анын жогорку адептүүлүгү болуп саналат. Руханий дүйнөсүнүн жана адебинин улуулугу жагынан эч ким ага тең келе турган абалда болбогон. Анын бул милдетине ортоктошууну каалаган Мүшрүктөргө кудай тарабынан төмөндөгүчө аят жиберилген: "Аларга бир аят келгенде, кудайдын элчилерине жиберилген аят бизге да келмейинче биз аны тануулай албайбыз. Кудай пайгамбарлыкты кимге ыйгарышын өзү эң жакшы билет"[10]-деген аяты алардын жаман ойлуу түшүнүгүн жокко чыгаруу үчүн келген.

Аз. Пайгамбардын бардык адамдар үчүн үлгү жана өрнөк болушу анын адептүүлүгүн көрсөткөн, эки негизги адамдык касиетине таянылууда. Алардын бири Аз. Мухаммеддин адамдык касиети, кийинкиси болсо элчилик милдеттин ага ылайыктыгы болуп эсептелет.

Улуу Кудай өз буйруктарын инсандарга жеткирүү үчүн элчи катарында адамдардан бирин тандаган. Мында бир канча сыр жана себептердин болушу менен бирге негизги нерселер төмөнкүлөр: бирдей категория ичинде орун алган эки зат арасындагы мамилени сөз аркылуу же болсо кыймыл аракет жолу менен өткөрүү оңой жана табыгый болот. Бирок заттар негизги мүнөздөлүшү боюнча бири-бирине канчалык жакын болушса, арасындагы маалымат алып-берүү жана өткөрүп берүү да ошончолук оңой жана табийгый бир платформада түзүлөт. Мисалы: руханий жактан да анатомиялык жактан да курал жаракка ээ болгон турдуу сезим, акыл жана кабарчылардын таасири менен аракет жасаган инсандын, өзүнө окшогон инсан менен оңой байланыш түзүүсү табигый көрүнүш, ал эми рухий куралга ээ болгон мелектер менен ушундай шартта

---

[7] Бухарий «Бедил-вахи»2

[8] Buhari «Bed'u'l-vehy» 6.

[9] эл-Энам, 6/33

[10] эл-Энам 6/124.

табигый жолдор аркылуу байланыш түзүү мүмкүн эмес.[11] Ошондуктан бир канча ойчулдар аян келген учурда мелектин мелектүүлүктөн адамга же болбосо пагамбардын дүйнөдөн мелектер ааламына чыккандыгын айтышкан. Улуу Кудай инсандарга ыйык сөздөрүн жеткирүүдө хидаят жолунда аларга модел жана үлгү боло турган пайгамбарды да инсандардан өзгөчөлөнбөгөн адамды чечкен. Ыйык элчи адамдарда кездешкен бардык өзгөчөлүктөргө ээ болуу менен бирге жогорку даражадагы сапаттарга ээ болбогондугун чагылдырган жана мүшүрүктөргө жооп катарында Кудай Таала төмөнкү аятта мындай деп буюруган: «Эгер жер жүзүндө отуруктанкан периштелер болгондо албетте аларга да өзүлөрүнүн жынысынан пайгамбар дайындап бир периште жөнөтөт элек»[12]. Кудай куранда пайгамбардын адам болгондугун белгилөөдө. Аз. Мухаммеддин пайгамбардык милдети кабар берүү менен чектелген[13]. Куранда христиандар Аз. Исаны кудай катары көрүшкөнүндөй мусулмандар да Аз. Мухаммедди кудай катары көрбөөлөрү үчүн Ислам ааламында кээ бир иш-аракеттер жүргүзүлгөн. Пайгамбардын башка адамдардан айырмаланган өзгөчөлүгү болбогондугуна бат бат басым жасалып турган[14]. Дин наамына кээ бир каранғы мусулмандар үчүн Аз. Мухаммеддин кудай тарабынан улуу элчи болуп дайындалышы алардын руханий жактан тазалыгы жана ыймандуу инсан болушу, диний жана ички дүйнөсүн тазартуу менен гана чектелбестен алар үчүн чындыкты издөө жолунда эле. Кээ бир мевсуд түрүндө окулган аңгеме, казал жана касыдаларда пайгамбарды кудайга жакындатышып сүрөттөлгөндүгүнө күбө болобуз. Айрыкча тышкы көрүнүшүн сүрөттөгөн сийер китептеринде жана чечмелөө иретинде жазылган бир канча чыгармаларда да жогорудагыдай ырастоолорду көрүү мүмкүн. Мындай фантазиялык көрүнүштөргө алгачкы эненин ичинде жаралуу мезгили, уруусу, төрөлүшү жана төрөлгөндүгү тууралуу кубандыруучу кабарларды да кездештирүү мүмкүн. Мындай маалыматтарды куранда жана сахих сүннөттө кездештирүү мүмкүн эмес. Селеф ойчулдарынын билдирген маалыматтарында жана эски сийер китептеринде мындай маалыматтар кездешпейт. Аз. Пайгабардын адамдык табиатынын сыртына чыгарылышы жана аны башка пайгамбарлардан айырмалоо, сүрөттөө жана теңирлештирүү куран жана сүннөткө туура келбейт[15]. Бирок адамдын күчү жетпеген кээ бир иштерге күчү жеткен, кайыпты билген, жаратылышка сөзү өткөн, өлүмсөз болгон, асманга чыгып периштелерди жер жүзүнө түшүрө алган жана башка ушул сыяктуу адамдык сапаттан жогорку сапаттарга ээ деп ойлогон арабтарга Курандын жообу төмөндөгүчө: «Айткын, кудайымдын кемчилдиксиз болгондугуна ишенемин. Мен бир гана элчилик кызматка милдеттендирилген адам баласымын»[16]. Жогоруда айтылгандар тууралуу курандан орун алган аяттарда Аз. Пайгамбар биринчиден адам баласы[17]. Ал аян келе электен мурун эч качан пайгамбар болоорун билбеген[18]. Өзгөчө башка пайгамбарлардан аяндан сырткары айырмаланган жагы жок[19].

---

[11] Маалымат үчүн караңыз, Cahiz, Heyavan I, 45.

[12] Эл-Исра 17/95

[13] Kirzci Cdzil, «Kuran-Kerim'e Gore Hz. Muhammed» Islamda Insan Modeli ve Hz.Peygamber Ornegi. Kutlu Dogum Haftasi. 1995.s2 Ankara 1995

[14] Эл-Исраб 17/90, эл-Энбия,. 2/17, эл-Фуркан, 25/7-8.

[15] Derveze. a.a.a.,30

[16] Derveze. a.a.a., 30

[17] Эл-Исра. 17,/93

[18] Эл-Кехф.18/110, Фуссилет, 41/6

[19] Юнус, 10/16

Айрыкча башка пайгамбарлар арасында чыккан укуктуу болбогон бир абалга келдерден бири эмес. Адамдык касиетинде, элчилигинде жана Кудайдын ага аяндык касиетинде, аяндын сыртында мурунку пайгамбарлардан айырмаланган жагы жок.[20] Периштенин түрлөрүнөн же болбосо адамдан жогорку жаратыктардан (жаратылгандардан) эмес эле. Көзгө көрүнбөгөндү билбейт. Башка адамдардай эле ал дагы инсаний сезимдерге жана акылга ээ[21]. Айрыкча милдеттүүлүктү терең сезип кулчулук жагынан Кудай алдында аялдан башка адамдардан айырмасы болбогон инсан[22]. Кудайдын өзүнө инсандардын баш ийүүлөрүн каалагандай кул катарында анын да баш ийүүсө керек. Жогоруда баса белгиленип өткөн аяттардын көпчүлүгү, пайгамбардын элчилигин, анын башка адамдардай эле инсан болушунан жана касиети жагынан адамдардын касиетинен айырмаланбагандыктарын туура эмес түшүнүктөрдү жоюу үчүн жасаган. Андай болсо Аз.Пайгамбардын башка адамдарга жол башчы жана үлгү болушунун түпкү динамикаларынан бири, мурун анын инсан болушу, ачууну жана таттууну, оңойчулукту жана кыйынчылыкты алар менен бирге болушкөндүгүндө жатат. Анын бул өзгөчөлүктөрүн Кудайлаштыруубуз жана ага инсанга жарашпаган жогорку денгээлдеги бир канча өзгөчөлүктөрдү таңулообуз, инсандар үчүн үлгү жана модел кылып көрсөтүү биз үчүн туура эмес.

Аз.Мухаммеддин кишилик касиети жана аны адамзатка үлгү кылган эң негизги сапаты, анын аялдын тарбиясынан өткөн пайгамбар болушу. Эмесе Ислам ишеничине караганда, мурда белгилегендей адам баласы катары пайгамбар менен жөнөкөй инсандын ортосунда эч кандай айырмачылык жок. Ал да бир адамдай жейт, ичет, дүйнө иштери менен алектенет, өзү менен сезим, түшүнүк жана каалоолору алып жүрөт. Мындай негизги айырмачылыкты Куран:«Айкын, мен да силердей эле инсанмын, бирок мага аян келип жатат»[23] аяты менен белгилей кеткен.

Жаралгандан баштап адамдын табиятындагы тубаса жөндөмдүүлүктөрү социалдык чөйрөнүн таасиринин натыйжасында адамдар арасындагы айырмачылыктарды көбөйтөт же азайтат. Мисалы, инсан жаратылыштан алып келген потенциялдык күч менен кийинчерээк тажрыйбалуу болгондон кийин (айлана-чөйрө факторлору) убакыт өткөн сайын акырындап калыптанат.[24] Адамдын кыймыл-аракетинин озгорушу айлана-чойронун таасири менен ошол убакытта болсо пайгамбарларда илаахий аян алат. Инсан катары инсаний, адептүү, диний, коомдук, саясий, аскердик жана башка ушул сыяктуу өзгөчөлүктөргө ээ болгон Пайгамбардын асыл барктуулугу анын аян алуусу жана элчилик, пайгамбардык сапаттарга ээ болушунан байкалат. Диндин бардык жагынан маалыматы бар, бул чөйрөдө жашоонун керектөөлөрүн орундатуу үчүн ички дүйнөсүнүн байышына себепчи аян болгон. Анын бардык пайгамбардык жашоосу түрдүү жерлерде жана оор мезгилдерде өткөн.

Руха сүрөөсүндө орун алган «Сен шашылыш таап туура жолго үндөбөдү»[25] аяты Аз. Пайгамбардын аяндан таалим-тарбия алгандан кийин жогорку

---

20 Али-Имран, 3/144,. Эн-Ниса, 4/163, Юсуф, 12/109, эл-Фуркан, 25/20. эл-Аккаф, 46/9.

21 Эл-Эна, 6/50; эл-Араф, 7/188:эл-Энбия 21/34; эл-Муминин, 23/97; эл-Акзак 33/52; эт-Тахрим,66/1; эд-Диха, 99+/68

22 эл-Бакара,2/23

23 эл-Кехф, 18/110; эл-Фазилет, 41/6

24 Senturk Hzibil, «Normal Insan Peygamber Farki», Diyanet Dergisi, XXII, 4(1986) 3-,tn

25 эд-Духа,. 93/7.

даражадагы тепкичке көтөрүлгөндүгүн белгилөөдө. Аят, канчалык пайгамбардын путпарастык ишеничине жана туура эмес каада-салттар өмүр сүргөндүгү түшүнүккө туура келбесе да анын мурун Кудайга барган жол жана ага кайра кулдук кылуу тууралуу маалыматы болбостон шашылыш түрдө пайгамбар болуп чечилгендиги, кийинчерээк Кудайдын лутфу (жардамы) менен муну үйрөткөндүгүн көрсөтүүдө. Бул аяттын түшүндүрүлмөсү: «Ушундайча сага буйругубуздан рух (куран) аян кылдык. Сен, мурун китеп деген эмне, ыйман эмне билбейт элен. Бирок биз аны кулдарыбыздан каалаганыбызды туура жолго жеткирген бир нур кылдык. Күмөнсүз, сен туура жолду көрсөтүүдөсүң. Ал жол асмандын жана жердин ээси болгон Кудайдын жолу. Көңүл буруңуз, бардык иштер акырында Кудайга кайтат»[26]

Жогорудагы аяттар Пайгамбар (с.а.в.)дын асыл аян тарбиясынан өтүп ыйманды жана китепти үйрөнгөндүктөн, кийин адамдарды асман жана жердин ээси кудайдын жолуна багыттагандыгына көңүл буруууда. Бирок Пайгамбар (с.о.в.) да Улуу Кудайдын бул кут-беркесине терең урмат менен: «Мени кудайым тарбиялады жана кудайым мени эң жакшы тарбиялады»[27]-деп айткан. Мындан бир аз мурун белгилегендей эле, Аз. Мухаммед аян келбестен мурунку жашоосунда караңгы ишеничтерге жана бутпарастык салттарга аралашып жүргөн деген түшүнүк туура эмес. Тескеринсинче пайгамбардыгынан мурунку жашоосу тууралуу маалыматтар, анын ата-бабаларынан калган дос кошуу (ширк), атеизмге окшош каранғы ишенич, салт-санааларды кабыл албаган, Кудайдын бирдигине ишенген жана Аз. Ибрахимдин ханиф дининен таасирленип, анын диний салттарына ылайык ибадат кылган же болбосо алардын түпкү негизин изилдеген, айрыкча түрдүү динге ишенгендердин арасында бири-бирлери менен конфликте болуулары жана жамаатарга бөлүнүүлөрүнүн себебинен Иудаизм жана христиан динине ишенбеген кишилердин бири болгондугуна күбө болобуз. Пайгамбар өспүрүм жашынан бери дайыма ушул түшүнүктө эле.[28] Улуу Кудай «Туура жолго багыт алып Ибрахимдин динине баш ий, ал мушрүктөрдөн эмес эле»[29]- деп, оз элчисине атасы Ибрахимдин жолун корсотуп жакшы жыпоон берген. Мурда бул маалыматтардан жана кабарлардан эч маалыматы жок эле.[30] Ошондуктан Пайгамбарды (с.а.в.) өмүр бою багытталган, анын бардык жүрүм-турумдарын жөндөгөн, адамдар менен болгон байланыштарында жана коомдук иштеринде даанышмандык кылган Куран эле.

Эмне «Куран адам балаласына кантип таалим-тарбия берүүдө жана андан эмнени каалап жатат?»-деген суроого Куран, «Руханий жана материалдык дүйнөдөн турган инсандан ыйман, ибадат жана адеп-ахлактуулукка ээ адам катары өзүнүн жеке личностук бүтүндүгүн түзүп жана бул бүтүндүктү калыбынан жазбай сактап калуусун талап кылат»- деген жоопту сунган. Адамдык ар түрдүү касиеттер биригип, идеалдуу бүтүндүктү түзүү менен бүткүл адамзатка үлгү инсан катары Аз. Мухаммед көрсөтүлүүдө. Пайгамбар (с.а.в.). Кудай менен социалдык жана физикалык чөйрөнүн байланыштарында Курандын негизги принциптерин негиз кылып алган жана жашоосун ошол принциптерге карата системалаштырган инсан эле. Ошондуктан, руханий жана

[26] Эм-Шура,. 42/52-53.
[27] Acluni, Kösfü'l-Hafa,1,70.Beyrut 1988.
[28] Derveze (1995) II.39
[29] en-Nahl, 16|123, Маалымат үчүн: эл-Хажр, 22/78,. Али-Имран3/95. эл-Бакара 2/135.
[30] эн-Мисан 4/113, эл-Анкебут 29-48, Юсуф 12/3, Эш-Шура 42/52

материалдык байланыштарында кандайдыр бир тең салмактуулук жана келишимдүүлүк өкүм сүрөр эле. Кез-кезде Сахабаларына «Кудайдын сенден акысы бар»,[31] «Денендин сенден акысы бар», көзүңдүн, жубайыңдын, досуңдун, коногуңдун жана бала-чакаңдын сенден ала турган акысы бар»,[32] «Андай болсо ар бир акы ээсине акысын бер»[33] деп айткан насааттары анын жашоосундагы тең салмактуулукту чагылдырууда. Сөздөрүмдүн акырында, адамзатка жол көрсөтүүчү жана жар салуучу адамга үлгү болгон рахматылык Пайгамбар максаты залимдердин жана зулумдуулуктун күчөп турган кезинде эзилген инсандарга адилеттүүлүк, аманатка кыянат кылбоочулук, ишенимдүүлүк, эркиндик, теңдүүлүк, чынчылдык, жакшылык, ак көңүлдүүлүк, бейкамдык, жардамдашуу, дурустукка окшогон адептүүлүк негиздери менен кошо аларды руханий жактан өсүп-өнүктүрүүдө ыйман жана ыйман негиздерин баян кылып, ибадат жана ибадат түрлөрүн көрсөткөн, заалымдардын зулумуна каршы күрөшүп, алардын элге тийгизген психологиялык басынтууларын тосуу менен инсандардын ишеним жана ой-жүгүртүү эркиндигин ырахатуулук менен жашай ала турган ишеничтүүлүктү пайда кылуу эле. Инсандарды бири-бирине урматсый менен жумшак мамиле кылууга, жакшылыктарда жана кайыр-соол иштеринде бири-бирине жөлөк болууга, керек болсо жарышууга, ата-энени урматтап, аларга баш ийүүгө, негизинен бүткүл дүйнөгө адилеттүүлүктү жана тең укуктуулукту орнотуу үчүн дүйнө мүлкүн, ал гана эмес жанын аябай күрөшүүгө, чыныгы бакыбат коомду куруу үчүн жакшылыкка үгүттөп, жамандыктан сактанууну ар бир инсандын керт башынын жоопкерчилиги катары сезүүгө чакырган. Ал эми башка тараптан социалдык адилеттүүлүктү орнотуу жана бактылуу коомду куруу үчүн зекет, садака сыяктуу коомдук жардамдашууну жандандыруу менен сарандыкты, ысырапчылыкты, жакырдыктан коркуп өз канынан болгон балдарды өлтүрүүнү, соода-сатыкта көз боеп алдоону, бой көтөрүүнү, мактанчаактыкты, ичимдик ичинуу, кумар оюндарын ойноону, төлгө салууну, пара алууну жана буга окшогон коомдук деградацияга алып баруучу жалган адаттарды жерип, тыюу салган. Кыскасы, диний адептүүлүк жана социалдык жактан адам баласына пайдалуу болгон бардык нерсени үйрөтүп, ал эми зыянга учурата турган нерселерди жасабоого чакырган. Ошентип адам жана пайгамбар катары бул эки өзгөчөлүктүн тең салмактуулугу жана ыраттуулугу менен бүткүл адамзатка эң сонун жана эң идеалдуу инсан образынын моделин сунду. Сөзүмдү аяктап жатып, Аз. Пайгамбардын жер жүзүндөгү эң негизги милдетине, башкача айтканда элчилик кызматына эң жакшы ишарат кылган төмөндөгү аятты белгилей кетким келет: «Эй пайгамбар! Биз сени чындыгында күбө, сүйүндүрүп кабар жеткирүүчү жана эскертүүчү катары жибердик. Негизинен Кудайдын уруксаты менен ак жолго чакырган доовatчы жана шоола чачкан шамчырак катары (жөнөттүк)[34].

---

[31] Buhari «Savm»54.

[32] Buhari «Savm»51, Muslim.»Savm 182,188,193.

[33] Muslim « Savm», 183 Nesal, "Savm" 76.

[34] Buhari, "Savm»,51. «Edeb», 86